КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

**ЧЕЧИМ № 22/2**

2021-жылдын 4-июлу — Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы Аттокуров У.Т.

мүчөлөрү :
Ысмаилова Б. А.
Айтбаева Ж.С.
Жумабаев Т.Ы.
Шаванов Т.К.
Ахматова Г.
Эрмеков К.К.
Эркинов А.Ч.
Зарипбек у.Б.

1. **Пазылова Зухра Азизуллаеванын үстүнөн КР Бузуулар жөнүндөгү Кодексинин 45-беренесинин негизинде чара көрүү боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу кесиптештер, Ош аймактык шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 13-июнь күнү Ош шаарынын Амир-Тимур (Он-Адыр) кичи шаарчасында белгисиз адамдар жол иштерин жүргүзүп, жөө жүргүнчүлөр өтүүчү өткөлдү краскалап жатышкандыгын, видеонун аягында аял киши Бекмырза атту жаранга аткарган иши үчүн ыраазычылыгын билдирип жаткандыгын билдирген. Билдирүүнүн ээси бул иштерди депутаттыкка талапкер Эргешев Бекмырза жүргүзүп жаткандыгын белгилеген.

Ош шаардык ички иштер бөлүмү тарабынан аталган факт боюнча сотко чейинки өндүрүш иши катталган жана текшерүүнүн жыйынтыгы Ош аймактык шайлоо комиссиясына келип түшкөн.

Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн токтомунда талапкер Эргешев Бекмырза Аскарбаевич Амир-Тимур кичи шаарчасынын 101-көчөсүндөгү жөө жүргүнчү өтүүчү өткөлдү оңдоп-түзөө иштеринде анын эч кандай тиешеси жок экендигин билдирген.

Аталган видеону тарткан адам Пазылова Зухра Азизуллаева өз көрсөтмөсүндө 2021-жылдын июнь айынын орто ченДеринде Амир-Тимур шаарчасынын 101-көчөсүндө жөө жүргүнчү өткөлдү белгисиз атуулдар краскалап жаткандыгын көрүп жана ошол жердеги атуулдардын Бекмырза же Мырзабек аттуу атуул өткөлдү краскалатып жаткандыгын угуп, өзүнүн уюлдук телефонуна жөө жүргүнчү өткөлдү краскалап жаткан атуулдарды видео тасмага тартып, Бекмырза аттуу атуулга ыраазычылыгын билдиргендигин жана ал краскалаган атуулдарды, Бекмырза аттуу атуулду таанбагандыгы жана эч кандай мамилеси жок экендиги тууралуу билдирген.

Сканировано с CamScanner

Ал эми Ош шаарынын Амир-Тимур кичи шаарчасынын 10-кварталдык комитетинин төрагасы А.Дадабаев, А.Муртазаев, А.Эсенбаев, С.Кадырбаевдер өздөрүнүн көрсөтмөлөрүндө акча чогултушуп, 101-көчөнүн жөө жүргүнчү өтүүчү өткөлдү жаңылоо иштерин жүргүзүшкөндүктөрүн билдиришкен.

Аталган фактыда кимдир бирөөнүн аракетинде кылмыштын курамы жок болгондуктан 03-041-2021-001154 сандуу сотко чейинки өндүрүш иши өндүрүштөн кыскартылган жана З.Пазылованын үстүнөн КРнын Бузуулар жөнүндө Кодексинин 45-беренесинин негизинде чара көрүү үчүн материалдардын көчүрмөсү Ош аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 45-беренесинде “Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысын же кадыр-баркын жаманатты кылган маалыматтарды билип туруп таратуу 6-категориядагы айып пул салууга алып келет” деп көрсөтүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде З. Пазылова талапкер жөнүндө жалган маалыматты таркаткандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 45-беренеси боюнча 6-категориядагы айып пул салуу боюнча сунуш добушка коюлду.

**Макул – 9** **Каршы – жок**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. Пазылова Зухра Азизуллаевага талапкер жөнүндө жалган маалыматты таркаткандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 45-беренеси боюнча 6-категориядагы айып пул салынсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Аттокуров У.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Буранова Е.**

Сканировано с CamScanner